Туруп оку, эгер анте албасаң, анда отуруп оку. Эгер анте да албасаң, анда жатып оку" - деди

Имран бин Хусайн (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Менин гемморой оруум бар эле. Пайгамбардан (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) намазды кантип окуу тууралуу сурасам, ал: "Туруп оку, эгер анте албасаң, анда отуруп оку. Эгер анте да албасаң, анда жатып оку" - деди.

[Сахих (ишенимдүү)] [Бухари жазып калтырган]

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) намазды негизи туруп окуу керектигин баяндаган. А эгер туруп окууга мүмкүнчүлүгү чектелген абал болсо, анда отуруп окуса болот. А эгер отуруп окууга да алы келбесе, анда жатып окуса жарай турганын кабарлады.

http://www.sunnah.global/hadeeth/ky/show/10951